Кыргыз Республикасынын
Соттор кеңешинин алдындагы
тартиптик комиссиясынын
төрөйымы
**Т.Т.Чаргыновага**

Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун төрөгасы
**М.Сатиевге**

Ош областтык сотуна

Араван райондук сотуна

Араван райондук прокуратурасы

Араван райондук УКМК

**Урматтуу Медербек Асанбекович, Турсунгуль Толепековна !**

Сизге кайрылуумдун себеби, Ош областынын Араван районунда, заводтор жана башка мүлктөр прихватизация заманында мыйзамсыз жеке жактарга сатылып кеткен, мисалга алсак , Птица ферма, Ак-Була заводу, ж.б.

Бүгүнкү күнү Ажообуздун, К.Ташиевдин саясатын колдоп мыйзамсыз сатылган жерлерди мамлекетке алуу максатында, биздин Ажообузга жазган арыздарыбыздын негизинде УКМК, прокуратура материал топтоп Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматынын Ош шаары жана Ош областты боюнча башкармалыгына берип, алар тарабынан Араван райондук сотуна доо арыз келтирилген.

Бирок, **14.03.2025-жылы Араван райондук сотунун судьясы М.Тентиева** бул доо арызды карабай, социалдык обьекттин жерин мамлекетке албай туруп, тескеринче доо арызды кароосуз калтырып койгон, өзүнүн соттук аныктамасы менен.

Аныктамасында, Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматынын Ош шаары жана Ош областты боюнча башкармалыгы талаштагы сатуу, сатып алуу келишимдерди тиркебеген деп көрсөтүп мыйзамсыз соттук акты чыгарып, доо арызды кароосуз канааттандырыуусуз калтырган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 токтому менен бекитилген “Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо” ЭРЕЖЕЛЕРИнин 22-п. талаптарында архивдик маалыматтарды Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматынын Ош шаары жана Ош областты боюнча башкармалыгына берүүгө тыюу салынат деп турат да.

Кыргыз Республикасы
Ош облусу
Кыргызская Республика
Ошская область
ОШСКИЙ ОБЛАСТНОЙ СУД
ОШ ОБЛУСТУК СОТУ
20.03.2025 г.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 152-бер. негизинде алдын ала сот отурмунда доогер өзү ала албаган келишимдерди соттун талабынын негизинде алуу үчүн өтүнүч берет деп турат мыйзамда.

Бирок, ага карабастан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 9-апрелиндеги ПЖ "«Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгын аткарууда тоскоолдук жаратып, **ишти атайлап чубалжытууга алып бара жатканы шек жаратат.**

Урматтуу **Медербек Асанбекович, Турсунгуль Толепековна** бүгүнкү күнү Президентибиз С.Н.Жапаров, К.К.Ташиев тарабынан мыйзамсыз берилген жерлерди мамлекетке алуу тапшырмалары коюулуп келе жатса, бул мамлекеттик саясатка каршы чыгып, мыйзамсыз сатылган мүлктөрдү жаап жашырып, аларга боор тартып келе жаткан Араван райондук сотунун судьясы М.Тентиевага мыйзам барбы? Кандай себептер менен каршы чыгып жатат, бул жерде мамлекеттин кызыкчылыгы болуп, мамлекетке алууга баардык мамлекеттик органдар колдоп жатса. Сот системасынын судьясы мамлекеттен айлык албай жаткансып мамлекетке каршы чыкканы бул кандай?.

Карап жыйынтыгы боюнча маалымат берсеңиз, андан соң Биз Президентибиз С.Н.Жапаровго маалымат кат жазып кайрылалы Араванда мыйзамсыз приватизацияны ким колдоп, мамлекетке каршы чыгып ийри завод, жерлерди, соцобьекттерди кайтаруусуна каршы болуп жатканын. Бул жагдайлар Президенттин катышуусунда Элдик Курултайда дагы биз тарабыбыздан козголгонуна карабастан мындай жагдайлар орун алганы өтө өкүнүчтүү болуп келүүдө!

Коррупцияга каршы аракеттенүү
жана жарандардын укуктарын
коргоо «Акыйкат» коомдук
фондунун төрөгасы

**Т.Мамашев**

**17.03.2025-жылы**